# ЭЛЛИПСИС АТООЧТУК СҮЙЛӨМ ТҮЗҮЛҮШҮНҮН БАШКА ТИПТЕРИНЕН АЙЫРМАСЫ

**ИБРАЕВА Д.А.**

Синтаксистик деңгээлде тилдин эллипсис маселеси этиштик жана атооч сүйлөмдөрү жөнүндө суроосу менен байланышкан. Негизги синтаксистик бирдикти – сүйлөмдү карoo дайыма анын конструкциялык белгисин аныктаганга божомолдонгон жана божомолдойт, анткени түз же кыйыр белгиленген синтаксистик түзүлүштүн курамында этиштин бар болгону менен катыштырылган.

Атооч сүйлөмдүн ар кандай тибин жазуу лингвистикалык адабиятта кеңири жарык көрдү. Атоочтук сүйлөм өз алдынча структуралык тип катары орус тилинин синтаксистик системасын көргөзгөн этиштик менен бирдей, окумуштуу синтаксистердин ишинде эчак эле изилдөөнүн предмети болгон. Атоочтук сүйлөмдүн теориясы өзүнүн тарыхына ээ бул маселенин маселесине жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисинин дээрлик баардык изилдөөчүлөрү айтышкан.

Эллипсис сүйлөмгө атоочтук түзүлүштү киргизбей эле коёлук, анын семантикалык маселеси төмөнкүдөй билдирилет. Субъект жана анын багышталуусу; субъект жана эмнеден жасалган материал; субъект жана анын көрүнүшү; субъект жана объект, анын ээлегени, субъект жана анын өлчөмү.

Атоочтон жасалган баяндоочтун структурасына мүнөздүү болгон жардамчы бөлүк, этиш кыскарып, грамматикалык ээге мүнөздүү болгон жардамчы бөлүк кыскарып кыймыл атооч гана баяндоочтун милдетин аткарып, грамматикалык ээге мүнөздүү болгон кыймыл аракеттик процесстин атын билдирет (Б.Тойчубекова).

Атооч формасын билдирген баяндоочтор аларды туруктуу белгиси деп атап, түздөн-түз субъектти аныктайт. Тилде ушундай сүйлөмдүн иштешин, баяндоочтук мамиле атрибуттук базада келип чыгуусу мүмкүн, жана таза синтагматикалык планда акыркысына билдирилүүсү мүмкүн.

Эллипсис сүйлөмдү фразеологияланган (П.А.Лекант, В.В.Бабайцева) сүйлөм мөөрүнөн айырмалоо керектүү. А.М.Пешковский. Бул түзүлүштүн тиби: Жаңы жылыңар менен! Жолуңар шыдыр болсун! Майрамыңар менен! Аларга эмне болду? Эмне жаңы? ж.б. Анын ичиндеги кээ бирлери эллипсис сүйлөмдүн формасын (Ага эмне болду? Ийгиликтериң кандай?) эске салат, бирок эллипсистен айырмаланып фразеологияланган түзүлүш этиштик сүйлөм менен катышпайт жана «таптакыр конкреттүү баяндоочтук мааниге ээ эмес». П.Б.Матевосян белгилегендей, эллипсистен сүйлөмдүн айырмасы, акыркысынын пайда болушу сүйлөө жагдайынын кайталанышына алып келгенге байланышкан. Тил бул бир типтик сүйлөө жагдайын камсыздоо үчүн туруктуу формулага ээ, а лексикалык курамдык туруктуу жасалышында жана өзгөрүлбөстүгүндө мүнөздөлөт.

Саналган белгилер эллипсис сүйлөмгө ээ болбойт. Алардын курамында лексикалык түгөйлөр толук алмашышы мүмкүн, эллипсистен сүйлөмдүн семантикалык структурасы конкреттештирилген мүчөлөр менен толукталышы мүмкүн: Жээкте – кайык; Биздин жээкте – кайык; Жээкте – башка кайык; Биздин жээкте – башка кайык ж.б. П.А.Лекант эллипсис сүйлөмдө ээ жана баяндооч жок деп билет, баары бир эллипсистен сүйлөм мүчөлөнөт, аларда ачык-айкын эки мүчөлүүлүк көлгөзүлөт, анткени алар көбүнчө эки тутумдуу: этиштик сүйлөмдүн түзүлүшүндө базаланат.

Сүйлөмдүн фразеологияланганы да мүчөлөнбөйт же алардын мүчөлөнүүсү абдан татаалданган.

Атоочтук сүйлөмдүн ичиндеги номинативдик өзгөчө орунду ээлейт: бир тутумдуу болуп, алар атооч тибине кирет жана так билдирилген, белгиленген формага ээ. Номинативдик сүйлөмдүн структуралык схемасы атооч жөндөмөсүндөгү зат атоочту (кээде ат атооч) же эсептик

атоочтук айкалышты пайда кылат. Номинативдик сүйлөмдүн кээ бир функционалдык ар түрдүүлүгүндө схемага бөлүкчө да кирет. Мисалы:

(Тынч. Жарыктын тилими. Мына көчөдөн кирүүчү негизги эшик. Көчөдөн кирүүчү негизги эшиктен ойлонуу. Эртең мененки саат беш.)

Номинативдик сүйлөм сүйлөө чындыгындагы фактысы катары көптөгөн он жылдардан бери эч кандай шек саноону чакырбайт, синтаксистер менен билинет, ошого карабастан номинативдик сүйлөмдүн маңызы, анын грамматикалык белгиси жана аягында, формасы боюнча номинативдик сүйлөмдүн чектелүүсүнө окшош, бирок функционалдуу башка синтаксистик кубулуштар ушул убакка чейин белгисиз болуп эсептелет. Биринчи кезекте бул номинативдик сүйлөмдүн айрымасына жана тиешелүү.

Номинативдик сүйлөмдүн семантикалык да, грамматикалык да өзгөчөлүгү башкалардан катуу бөтөнчөлүгүндө салыштыруу боюнча эки тутумдуу менен гана эмес, ошондой бир тутумдуу сүйлөмдүн башка типтери менен да мүнөздөлөт.

Номинативдик сүйлөмдүн бийик турган өзгөчөлүгү, анткени аларга бүтүнсүздүгү жана бир убакта семантикалык сыйымдуулугу, ачыктык касиети эсептелинет.

Нерсени жана кубулушту атап, алардын бар болушун (турмушун) белгилеп, орунун, убагын ж.б.д.с. көргөзүп, ушул сүйлөмдү окурманды (угуучуну) ошол замат аракет абалына киргизет, сюжетти өнүктүрүүгө умтулууну жөндөйт, өзүнө окуянын жалпы сүрөтүн жазып көргөзгөнгө жардам берет.

Мисалы: Жакшынакай күз! Суук түнү, ачык тынч күнү… (сүйлөө сөзүнөн).

Атооч жөндөмөсү номинативдик сүйлөмдүн формалдык белгиси болуп эсептелинет. Бирок бул дагы номинативдик сүйлөмдүн жаратылышын түзүү үчүн чечилүүчү фактор эмес, анткени атоочтун ар бири эле сүйлөмдүн ушул тибин пайда кылганга жөндөмдүү эмес.

Зат атоочтун семантикалык жаратылышы номинативдик сүйлөмдү түзүүдө чечилүүчү ролду аткарат. Бул кубулуш жана нерсени атаган көрсөтмө-сезилүүчү түшүнүүгө берилген сөз болушу мүмкүн, мисалы, кубулушунун, аракетинин жана абалынын аталышы, боло турган убагы боюнча (кар, суук, ысык, тынч, күз, эртең мененки ж. б.), же мейкиндикте жайгашкан нерсенин аты, түздөн-түзөзүнө мейкиндик маанисин (бекет, үй-бүлө, ж.б.) байланыштырган. Реалдуу чындык нерсесинин аталыш турмушун далилдөө, демек, көрсөтүлгөндүн конкреттүү – нерсенин маанисине жана мындай зат атоочтун эмоционалдуу сапаттуу жана сандык түсүнө шартталган.

Номинативдик сүйлөмдүн негизги мааниси болуп нерсенин же кубулуштун турмушун (бар болгону) далилдөө эсептелет. Бул маани көрсөткөн мааниде, эмоционалдуу… баасы, эркин билдиргени ж.б. кыйындап кетиши мүмкүн.

Бир тутумдуу номинативдик сүйлөмдүн башкы мүчөсү болуп эмнегедир бир аталыштын аркасындагы эркин билдирүүнү көрсөтүү эсептелет. Мындай шартта башкы мүчөөзгөчө мааниси – нерсенин маанисинин баардык жагдайынын олуттуу белгисинде эсептелген көрсөткүчүнө кабылат. Ээ менен дал келип, башкы мүчө формага ээ болуп, өзүнүн күчүндө грамматикалык жаратылышта белгинин өзгөчө түрүн белгилейт. Аны менен бирге башкы мүчөнүн семантикасы өзүнүн бөтөнчөлүк күчүндө баяндоочтук касиетке ээ эмес, анткени ал байламтаны колдонууга жана модалдуу – убактылуу маанинин көрсөткүчү болууга мүмкүнсүз; анын аталган нерсеси же кубулуш мамилесин чындыкка, айтуучу номинативдик сүйлөмдүн баяндоочтуулугунда толукталган интонациянын жардамы менен гана бере алат.

Атооч жөндөмөсүнүн формасынан башка, башкы мүчөнүн грамматикалык жаратылышына шартталган номинативдик сүйлөм башка милдеттүү грамматикалык белгилерге да ээ:

1. Номинативдик сүйлөм макул тапкан гана болот, анткени тангыч номинативдик сүйлөмдүн турмуштук маанисинин өзүнүн маңызына (тилеги) каршы келет.

2. Номинативдик сүйлөм модалдык модификациялоого ээ болбойт. Анын өзүнчө «нерселик» майда-чүйдөсүн атоо жолу менен жагдайдын өзгөчөлүгү жөнүндө билдирип, сүйлөм дайыма реалдуу модалдуулукту жана азыркы убактын бир маанисин болжолдойт. Туруктуу модалдуу –убактылуу маанисине ээ туруп, номинативдик сүйлөм ыңгай жана убагы боюнча

парадигматикалык өзгөрүүгө жол бербейт. Боло турган жана мурдагы убактын мааниси аларды эки тутумдуу даражага көтөрөт: суук болду; суук болот;

3. Баяндоочтуулуктун мааниси интонацияда билдирилет.

Ошентип, номинативдик сүйлөмгө субстантивдик типтеги бир тутумдуу сүйлөм кирет. Анын башкы мүчөсү зат атоочтун атооч жөндөмөсүндө же эсептик-атоочтук айкалышта билдирилет жана өзүнө нерсенин атынын функциясын жана жашоосунун, турмушунун тилегин бириктирет; өзгөчө интонациясы менен мүнөздөлөт.

Номинативдик сүйлөм семантикалык сүйлөмдүн ала-була тибин бириктирет, бул жерде тыгыз өз ара аркети жана чырмалуусу, эки тутумдуу жана грамматикалык бир тутумдуу сүйлөмдүк өз ара кирип кеткен касиети табылат.

Номинативдик сүйлөмдүн жана формасы боюнча окшош түзүлүштүн чектелүүсү алардын структуралык-грамматикалык жана семантикалык өзгөчөлүгүнүн эсеби аркылуу мүмкүндүү көргөзүлөт.

Турмуштук мааниси (эки тутумдуу) менен эллипсис сүйлөмдүн жана номинативдик сүйлөмдүн (бир тутумдуу) чектелүү критериясынын негизинде төмөнкү принциптер.

1. Сүйлөмдүн семантикалык жаратылышы боюнча. Элиппсис сүйлөм «динамикалык» турмуштук маанисин камтыйт, аларда нерсенин же кубулуштун келип чыгуу процесси белгиленип коюлат. Мисалы: бурчта даарыкана; Номинативдик сүйлөмдө болсо, мааниси үстөмдүктө болуп эсептелет, анын үстүнө өзүнүн сапаттуу маанисине ээ – бул нерсенин статистикалык негизи. Мисалы: көчө; чырак; дарыкана (шаар).

2. Башкы мүчөнүн грамматикалык жаратылышы боюнча. Эллипсис сүйлөмдө (башка каалагандай эки тутумдуудай) башкы мүчө (ээ) белгини алып жүрүүчүнү белгилейт, а номинативдик сүйлөмдөгү ээ менен дал келген формасы бар башкы мүчө, белгинин өзгөчө түрүн белгилейт.

3. Экинчи даражадагы мүчөлөрдүн грамматикалык жаратылышы боюнча. Эллипсис сүйлөмгө баяндоочтун курамындагы экинчи даражадагы мүчөлөрү – толуктооч жана бышыктооч менен таратылган сүйлөм кирет. Мисалы: бүгүн жеңиш күнү; Алыста – көл.

Номинативдикке таркатылган атоочтук сүйлөмдүн экинчи даражадагы атоочтугу менен гана – атрибутук фунциясы менен мүмкүн болгон жана мүмкүн болбогон аныктоочу кирет. Мисалы: ачык, жарык күн, кеч күз, Убаралуу оор күндү баштан кечирүү.

Ошентип, бизге түзүлүштүн: 1) Кыштакты курчаган кашаанын сыртында – кичи дарыя, жана 2) Биздин үй. Кыштакты курчаган кашаа. Кичи дарыя – сүйлөмдүн таптакыр ар түрдүү структуралык тибине тийиштүү: сүйлөм (1) – (эки тутумдуу) менен (2) – номинативдик (бир тутумдуу).

Пайдаланылган адабияттар:

1. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Бишкек, 2009.
2. Азыркы кыргыз адабий тили - Б., 2009.
3. Реунова О.И. Эллипсис как лингвистическое явление. – Москва, 2000.
4. Тойчубекова Б. Бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр. – Фрунзе, 1983.
5. Эллиптическом словоупотреблении в современной разговорной речи. Вопросы языкознания, - Москва, 2004.
6. Лекант П.А. Неполные предложения в курсе современного русского языка. – Красноярск, 1959.
7. Кудайбергенов С. Атоочтуктар жана кыймыл атоочтор. – Ф., 1956.